**«КАРАЛДЫ»**
Социалдык-гуманитардык
дисциплиналар кафедрасынын
башч., доц., Р.А. Ысмаилова ________

прот.№2 “ 04 ” 09 2018-ж.

**«БЕКИТЕМИН»**
Эл аралык медицина
факультетинин деканы
проф. Ж.К. Муратов ________

“ ” ________ 2018-ж

**Эл аралык медицина факультетинин социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасында предметтик олимпиаданы өткөрүү жөнүндө**

# ЖОБО

## 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо ЭМФнын социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасындагы дисциплиналар боюнча предметтик олимпиаданы өткөрүүнүн эрежелерин камтыйт.

1.2. Жободо предметтик олимпиаданы уюштуруунун механизмдери, өткөрүүнүн формасы, катышуунун эрежелери камтылган.

1.3. Предметтик олимпиадалар дисциплиналар боюнча билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык жүргүзүлөт.

## 2. Предметтик олимпиаданы өткөрүүнүн негизги максаттары:

2.1. Студенттердин дисциплинаны өздөштүрүүдөгү алган билимдерин бекемдөө жыйынтыктоо;

2.2.Студенттердин дисциплиналар боюнча алган билимдерин чыгармачылык менен өнүктүрүүсүн калыптандыруу, илимге болгон кызыгуусун арттыруу.

2.3. Эл аралык медицина факультетинде окуган чет элдик чыгармачыл студенттердин кружогун түзүү.

2.4. Студенттер арасында достук байданышты бекемдөө

## 3. Предметтик олимпиада өткөрүүнүн негизги милдеттери:

3.1 Студенттердин алган билимдерин турмушта колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу

3.2.Студенттердин интеллектуалдык жактан өсүүсү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү

## 4. Предметтик олимпиаданы өткөрүү мөөнөттөрү

4.2.Предметтик олимпиада ар бир окуу жылынын 1-2-семестринин аягында өткөрүлөт.

4.3.Олимпиаданын жыйынтыгы өткөрүлгөн күнү чыгарылып, жеңүүчүлөр аныкталат.

## 5. Предметтик олимпиаданы өткөрүүнү уюштуруу

5.2.Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү эл аралык медицина факультетинин окуу базасында ишке ашырылат.
5.3.Олимпиаданын тапшырмалары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын ЖББПнын негизинде түзүлөт.
5.4.Олимпиадага катышуу акысыз.
5.5.Олимпиадага алдын-ала катталган эл аралык медицина факультетинин студенттери (ар бир дисциплина боюнча 10-12 ден студент) катыша алышат.
5.6.Уюштуруу тобу керектүү кеңсе жабдуулары, техникалык каражаттар менен камсыздоону ишке ашырат.
5.7.Олимпиаданын жумушчу тили - кыргыз, орус, англис тилдеринде жүргүзүлөт.

## 6. Предметтик олимпиаданы өткөрүү тартиби

6.2.Уюштуруу комитети:

- тиешелүү дисциплиналардын тизмегин;
- олимпиаданын өткөрүлүүчү жайын, мөөнөтүн, уюштуруу комитетинин курамын жана анын төрагасын ;
- дисциплиналар боюнча жеңүүчүлөрдү сыйлоо тартибин аныктайт.

6.3.Уюштуруу комитети предметтик жана апелляциялык комиссияны түзөт жана алардын функцияларын аныктайт.
6.4.Уюштуруу комитети төмөнкүлөрдү аткарууга :

- предметтик олимпиаданы өткөрүү мөөнөтүн, өтүлүүчү жайын аныктоого, катышуучуларга алдын-ала кабарлоого;
- олимпиаданын жеңүүчүлөрүн белгилөөнү уюштурууга милдеттенет.

6.5.**Предметтик комиссиянын курамын** дисциплиналар боюнча жооптуу окутуучулар түзөт. Предметтик комиссия олимпиаданын дисциплиналары боюнча түзүлгөн тесттерди, тапшырмаларды (талаш жаратпай тургандыгын) карап чыгат. Предметтик комиссияга кафедрадагы дисциплиналар боюнча предметтиктер (профили боюнча) мүчө боло алышат.
6.6.**Апелляциялык комиссия** төмөнкүдөй талаш-тартыштарды чечүүгө

- ар бир катышуучу жыйынтыктар жарыялангандан кийин бир сааттын ичинде апелляциялык комиссияга өзүнүн иши боюнча баллга макул эместиги тууралуу жазган арызын канаттандырууга милдеттенет;
- катышуучунун жагымсыз жүрүш-турушу байкалса эскертүү берүүгө же олимпиададан четтетүүгө укуктуу.

## 7. Предметтик олимпиаданы өткөрүүнүн эрежелери:

7.2.Олимпиада башталганга чейин 30 мүнөт мурда атайын көрсөтүлгөн жерде катышуучуларды тактоо болот.
7.3.Катышуучуларга (уюштуруу мезгилинен сырткары) тесттик тапшырмаларды аткарууга белгиленген убакыт жөнүндө маалымат берилет.
7.4.Кандайдыр бир жазууларды, уюлдук телефондорду, фотоаппаратты, кулакчындарды ж.б. интернетке чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ же ээ эмес электрондук буюмдарды,

эрежелер менен уруксат берилген буюмдардан тышкары окуу китептерди, бардык колдонмолордун түрүн, башка кошумча буюмдарды алып жүрүүгө тыюу салынат.

**8. Предметтик олимпиаданын жыйынтыгын чыгаруу**

8.2. Тесттердин, тапшырмалардын жыйынтыгы ар бир дисциплина боюнча чыгарылып, алардын бирден нускалары кафедрага тапшырылат.

8.3. Дисциплиналар боюнча катышуучулардын алган балдары тең чыгып калган учурда, жазуу жүзүндөгү же оозеки тапшырмаларды берүү менен жеңүүчү аныкталат.

8.4. Олимпиаданын жеңүүчүлөрү кафедранын атайын диплом, сертификаттары менен сыйланат.

8.5. Предметтик олимпиаданын жыйынтыгы факультеттин жана кафедранын сайтына жарыяланат.

**9. Предметтик олимпиаданы материалдык жактан камсыздоо**

9.1. Олимпиаданы уюштурууга кеткен чыгымдардын сметасын кафедранын уюштуруу комитети түзөт жана аны факультеттин жетекчиси бекитет. Чыгымдарга төмөнкүлөр:

- уюштуруу комитетин жана предметтик, апелляциялык комиссияларды кеңсе товарлары менен камсыздоо чыгымдары;
- олимпиаданын жеңүүчүлөрүн сыйлоо үчүн белектерди даярдоого кеткен чыгымдар кирет.

9.2. Уюштуруу мезгилиндеги катышуучулардын коопсуздугуна уюштуруп жаткан кафедранын жетекчилиги жоопту болот.

**10. Жыйынтыктоочу жобо**

10.2. Бул Жобо СГД кафедрасынын кезектеги жыйынында (4.09.2018. №2 прот.) каралып, талкууланды жана ЭМФнын Окумуштуулар кеңешинин №... .......жыйынында бекитилди.

10.3. Бул жобо кайра каралып, жаңыланганга чейин күчүндө болот.

ЭМФнын деканы: _______________ проф. Ж. К. Муратов

СГД кафедрасынын башчысы: _______________ доц. Р. А. Ысмаилова